КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРИЛИГИ

ТАЛАС
МАМЛЕКЕТТИК
УНИВЕРСИТЕТИ

KYRGYZ REPUBLIK
MINISTRY OF EDUCATION

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ТАЛАССКИЙ
ГОСУДАРСТВЕННЫЙ
УНИВЕРСИТЕТ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

18.01.2021 № 7/6

Талас шаары

§1

КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 13-январындагы №19/1 буйругуна ылайык Талас мамлекеттик университетинде жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн сапатын жана эпидемиологиялык кырдаалды эске алуу менен коопсуз окутуу шарттарын камсыздоо максатында 2020-2021-окуу жылынын жазгы семестринде окуу процессин аралаш окутуу форматында уюштурууга уруксат берилсин.

1. 2020-2021-окуу жылынын жазгы семестринде окуу процессин аралаш окутуу форматында уюштуруунун алгоритми тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Жогорку жана орто кесиптик билим берүү программалары боюнча окуу процесси 2020-2021-окуу жылынын жазгы семестринин башталышы менен бекитилген алгоритмге ылайык уюштурулсун.

3. Санитардык-гигиеналык талаптарды жана эпидемияга каршы режимди эске алуу менен окуу процессин, экзамендик сессияларды, мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияны, консультацияларды, өндүрүштүк практикаларды уюштуруу боюнча ички документтерди/колдонмолор иштелип чыгып бекитилсин.

- Факультеттер жана колледж тарабынан COVID-19 жайылышын алдын алуу жана эпидемияга каршы режимди сактоо боюнча тиешелүү маалыматтык материалдар иштелип чыгып, окуу процессинин алдында студенттерге, окутуучуларга жана кызматкерлерге маалыматтык жыйындар өткөрүлсүн.
- Салттуу режимде окутууга өткөнгө чейин Инфекцияларды алдын алуу борборунун жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө органынын адистери менен биргеликте факультеттерде/колледждин администрациялары менен консультациялар уюштурулсун жана алардын сунуштарына ылайык шарттар бухгалтерия менен чарба бөлүмү тарабынан камсыздалсын.
- ТалМУнун окутуучулары менен студенттерине окутууну салттуу формада калыбына келтирүү датасы, окутуунун иштелип чыккан алгоритми жана эпидемияга каршы коюлган режимдин талаптары жөнүндө алдын-ала өз убагында деканаттар/колледж, кафедралар/секциялар тарабынан маалымдоо иштери жүргүзүлсүн.
- Жазгы семестр үчүн КР ББИМдин 13.01.21-жылы чыгарылган №19/1 буйругунун негизинде иштелип чыккан ТалМУнун ички алгоритми боюнча аралаш формада окутуу процесси уюштуруу-чарбачылык иштерди жана санитардык талаптарды тиешелүү деңгээлде алып баруу максатында 2021-жылдын 1-февралынан баштап окутулсун.

- 2020-2021-окуу жылынын күзгү семестри боюнча студенттердин академиялык карыздарын жоюуга 1 айга чейинки мөөнөт ичинде кайра тапшыруусуна уруксат берилсин.

4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы окуу жана илимий иштер боюнча проректор С.С.Жумалиевге жүктөлсүн.

*2 тиркеме*

**Негизи**: ОИ проректору С.С.Жумалиевдин билдирүүсү.

**Ректор** **А.Ш. Упенов**